О.В. Солошенко, Г.Д. Токтобаева

# Мен жана дүйнө 1

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүү мекемелери үчүн
окуу куралы

**Төрт бөлүктөн турат**

## 1-бөлүк

Бишкек
Издательство «Аркус»
2024

УДК 373.167.1:3
ББК 60.0я721
С60

Окуу басылмасынын автордук укугу «Издательство «Аркус» ЖЧКсына таандык. Укук ээсинин макулдугусуз басып чыгарууга мыйзам тарабынан тыюу салынат.

**Солошенко О.В., Токтобаева Г.Д.**

**С60** Мен жана дүйнө. 1-кл.: окутуу кырг. тил. жүргүзүлгөн жалпы билим берүү мекемелери үчүн окуу куралы. Төрт бөлүктөн турат. 1-бөлүк. — Б.: Аркус, 2024. — 64 б.: сүр.

ISBN 978-9967-34-115-9

«Мен жана дүйнө» окуу куралы 1-класстын окуучусу үчүн универсалдуу окуу колдонмосу болуп саналат. Ал өзүнө окуу китебин да, жумушчу дептерин да камтыйт. Окуу куралы окуучуларга предметти жакшы өздөштүрүүсүнө, мугалимдерге — сабакты жеңил, түшүнүктүү өтүүсүнө, ата-энелерге — үйдөн балдарына көмөк көрсөтүүсүнө чоң өбөлгө түзөт. Тапшырмаларды аткаруу менен окуучулар өз алдынча суроолорго жооп алууну, анализ жүргүзүп, жыйынтык чыгарууну үйрөнүшөт, колдун майда моторикасы менен сөз байлыгын өстүрө алышат.

Окуу куралы менен иштөө «Мен жана дүйнө боюнча 1–4-класстар үчүн» предметтик стандарттын талаптарына ылайык билим берүү натыйжаларын калыптандырууга багытталган.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР


— ой жүгүртөбүз


— үйрөнөбүз

**УДК 373.167.1:3**
**ББК 60.0я721**

ISBN 978-9967-34-115-9


© «Издательство «Аркус» ЖЧК, 2024

# Мазмуну

Мекеним — Кыргызстан ..... 4
Менин өлкөмдү дүйнө жүзү кантип таанийт? Мамлекеттик символдор ..... 6
Менин мектебим ..... 7
Мен — окуучумун ..... 10
Мектепте өзүңдү кантип алып жүрүшүң керек ..... 14
Менин классым. Менин классташтарым жана мугалимим ..... 20
Мен терезеден эмнени көрөм? Жандуу жана жансыз табият ..... 24
Космос ..... 29
Жер шары — менин үйүм ..... 34
Табият кубулуштары ..... 38
Жыл мезгилдери ..... 42
Жыл мезгилдери. Күз ..... 46
Мен жашаган аймактагы күз мезгили. Экскурсия ..... 53
Күз мезгилиндеги табигый кубулуштар учурундагы коопсуздук ..... 58

# Мекеним — Кыргызстан


Сүрөттөр боюнча өз Мекениң жөнүндө айтып бер.














Сүрөттү боё.



Макалды түшүндүр. Сен аны кандай түшүнөсүң?

**Мекеним — алтын бешигим.**

# Менин өлкөмдү дүйнө жүзү кантип тааныйт? Мамлекеттик символдор











# Менин мектебим




**Илим — турмуш чырагы, эмгек — бакыт куралы.**

Сүрөттөрдү кара.
Балдар мектепте эмне кылып атышат?
















Сен эмнени үйрөнгүң келет?
Өзүңдүн мектебиң жөнүндө айтып бер.



# Мен — окуучумун


Мектепке баштыгыңды чогулт. Баштыкты сызык аркылуу мектепке керектелүүчү буюмдар менен туташтыр. Ар бир буюм жөнүндө айтып бер: ал буюмдар окуучуларга эмне үчүн керек?






ARCUS PUBLISHING


Жон баштыкта (рюкзакта) эмне бар? Чаптаманы туура тандап, сүрөттөрдүн катарын толукта.




Сенин мектебиңде кийилүүчү форманын сүрөтүн толуктап тарт.



Окуучулар үчүн эрежелерди сакта. Алардын маанисин түшүндүрүп бер.



Мектепке кечикпей кел.



Сабакка даярдан. Партанын үстүнө окуу куралдарын иреттүү жайгаштыр.



Жооп бергиң же сурагың келсе, колуңду көтөр.



Жооп берип жатканда же суроо бергенде, ордуңдан тур.



**Партага түз отур.**



**Үй тапшырмасын убагында аткар.**

Өзүңдүн суроолоруңа жоопту кайдан аларыңды айтып бер.



Макалдын маанисин түшүндүрүп бер. Анын сабактын темасына кандай тиешеси бар?

**Жалкоо өзүнө-өзү душман.**

# Мектепте өзүңдү кантип алып жүрүшүң керек

Сүрөттөрдү кара. Окуучулар эмне кылып атышат?
















Бул окуучуларды тартиптүү деп айта алабызбы? Эмне үчүн?


Бул фразаны сен кандай түшүнөсүң?

**Адамдын сулуулугу — анын тарбиясында.**

Сүрөттөрдү кара. Ар бирине тиешелүү быйтыкчаларды (смайлик) толуктап тарт. Өз тандооңду түшүндүрүп бер.











Мектепте кайсы эрежелерди сактайсың? Айтып бер.

Эмне үчүн тартиптүү адам менен сүйлөшүү жагымдуу деп ойлойсуң? Өзүңдү тартиптүү адаммын деп эсептейсиңби?

Кооптуу буюмдарды сызып белгиле. Өз тандооңду түшүндүр.



Коопсуздук эрежелери тартылган чаптамаларды тап. Аларды атайын белгиленген жерлерге чапта. Мектепте сакталуучу коопсуздук эрежелерин атап бер.

Терезеден башыңды чыгарба

Розеткага жакындаба

Класста жана коридордо чуркаба

Эшикти кармап турба

Кайчыны учтуу жагы менен бербе

Калемдерди, калем сапты, кайчыны калем салгычта сакта

Башкаларды капалантпа

Таштандыны таштанды салгычка сал

Тепкич менен бара жатканда, оң жак менен жүр

Коридордо оң жак менен шашпай бас

Мектеп буюмдарыңды иреттүү карма

Мектепке өз убагында кел

# Менин классым. Менин классташтарым жана мугалимим

**Бул мен.**

Өзүңдүн сүрөтүңдү тарт же чапта.

Сүйлөмдөрдү улантып жаз.

**Менин атым** ____________________

**Менин фамилиям** ____________________

**Менин классташтарымдын аты** ____________________

____________________

**Биз мектепте чогуу** ____________________

____________________

**Менин мугалимдеримдин аты** ____________________

____________________

# Менин классымдын эрежелери

